Улахол айыл Өкмөтү М. Мамбетов атындагы орто мектебинин администрациясы жана ошондой эле мектептин профсоюз комитетинин ортосунда 2020-жылдан 2023-жылга чейин түзүлгөн келишим:

Жалпы жобoлору: Келишим Улахол айыл Өкмөтү М.Мамбетов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин администрациясы жана ушул мектептин профсоюз комитети тарабынан билим берүү кызматкерлеринин социалдык-экономикалык укуктук жана эмгектик мыйзамдарды кызыкчылыктарды турмуштук зарыл суроолорду чечүү үчүн жана аларды коргоого түзүлөт.Келишим тараптардын милдеттерин бири-бирине карата мамилелерин кызматкерлердин эмгектик жана социалдык укуктарын алардын кесиптик турмуш-тиричилик жана маданий жактан кызыкчылыктарын канааттандыруу,социалдык жактан коргоону кепилдик берет.Тараптар келишимди негизги документ катарында кабыл алышат жана келишимди аткарууга аны дайыма практикалык иштерге жетекчилике алууга милдеттенишет.Келишим 2020-жылдан 2023-жылга чейин түзүлдү.

**Мектеп директору аткарууга милдеттенет:**

1 М.Мамбетов атындагы орто мектебинин педогогикалык жамааты тарабынан Кыргыз Республикасынын Мугалимдердин Статусу,билим берүү закондорунун аткарылышын камсыз кылуу.
2 Райондук билим берүү бөлүмүнүн борборлоштурулган эсепканасы менен тыгыз алака түзүү.
3 Ар жыл сайын май жана август айларында мектеп жашына жеткен жаш өспүрүмдөрдүн эсебин алуу.
4 Беш жылда бир жолудан кем эмес мугалимдерди кесиптик жогорулатуу курстарына жиберип туруу.
5 ЖОЖго өз алдынча өткөн кызматкерлерге,алар педогогикалык адистикти биринчи жолу алып жатса окуу өргүүсүн төлөө.
6 КР Эмгек Кодексинин 169-беренесине ылайык кызматкерлердин түнкү мезгилиндеги иштери үчүн эмгек акыларына кошумча төлөмдөрдү жүргүзүү.
7 Кызматкерлерди кызматка алып жатканда эмгек келишимди түзүү,жашы боюнча эс алууга чыгып бирок иштеп жаткан ардагерлерге жыл сайын бир жылдык эмгек келишимин түзүү.
8 Жаңыдан жумушка алынган кызматкерлерге беш күндүн ичинде эмгек китепчесин толтуруу.
9 КР Эмгек Кодексинин 71-беренесине ылайык мектеп кызматкерлеринин эмгек акыларын иш режимдерин эмгек шарттарынын өзгөрүшү тууралуу бир айдан кем эмес мөөнөттө эскертүү.
10 Мугалимдердин узака созулган оорусунан же анын узака созулган эмгек төлөнбөгөн өргүүсүнөн башка учурларда окуу жылдын учурунда мектеп жетекчилигинин демилгеси боюнча окуу жылынын башталышында мугалимге коюлган окуу жүктөмүн азайтпоо.
11 ЖОЖго сырттан окуу бөлүмүнө тапшырууну жана педагогикалык билим алууну каалаган кызматкерлерге жолдомо дайындоо.
12 Мектептин ички тартибинин жана ирээтинин эрежелерин иштеп чыгуу.
13 Чыгымдалган электр энергиясынын көрсөткүчүнүн маалыматын өз учурунда жана туура берүү.
14 Электр энергиясына берилген лимиттен ашыкча чыгымдообого,эгерде ашыкча чыгымга жол берсе электр энергияга жоопту кызматкердин эсебинен төлөтүп берүүгө.
15 Электр эсептегичтерди жана щиттердеги коюлган пломбаларды бузган учур катталса,мектеп жетекчилиги өз жоопкерчилигине алат.
16 Көмөкчү чарбаны өз деңгээлинде жүргүзүү жана андан түшкөн каражаттар боюнча Улахол айыл Өкмөтүнө так маалыматтарды убагында берип турат.
17 Мектеп имаратындагы инвентарларды жаношондой эле имараттын абалын жакшы сактоо.
18 Жеринде өздөрү кирип иштеп турган имараттардын ички-сырткы абалына, бардык эмеректерин уурдатпай, талатып-тонотпой, сындырып-бүлдүртпөй жана техникалык эрежелерин так сактоого, өрт коопсуздуктарын алдын алууга толук жоопкерчиликти толук мойнуна алат.

**Мектептин профсоюз комитети милдеттенет:**

1. КР Эмгек Кодексине кесиптик бирликтер жөнүндөгү мыйзамына ылайык кызматкерлерди бошотуу, которуу, эмгек тартибине чакыруу эмгек жөнүндөгү мыйзамдуулуктун чегинде жүргүзүлүшүнө көзөмөлдүк кылуу жана алардын мыйзамдуу укуктарынын жана кызыкчылыктарынын корголушуна жетишүү.
2. Билим берүү тармагынын жалпы максатын көздөө менен кызматкерлердин кесиптик жана чыгармачылык жактан өсүшүнө көмөү көрсөтүү. Эмгек коллективинде ишкердүү атмосфераны, өз ара түшүнүүнү камсыз кылуу үчүн ар кандай иш-чараларды өткөрүүнү жана эмгек тартибинин сакталышын көзөмөлдөө.
3. Мугалимдердин аттестациядан жана тарификациядан өтүүсү жобого ылайык жүргүзүлүшүн көзөмөлдөйт жана ага түздөн-түз катышып турат.
4. Тармактын кызматкерлеринин эмгегин, ден-соолугун коргоо, турмуш тиричилик шарттарын жакшыртуу үчүн коллективдеги эмгек келишиминин аткарылышын көзөмөлдөйт.
5. Райондук профсоюз комитети менен бирдикте мектептин мугалимдеринин ден-соолугун чыңдоого санаториялык, курорттук дарыланууга, эс алуу үйлөрүнө путёвкалардын берилишине жетишүү.
6. Мектепте мугалимдер үчүн эс алуу бөлмөсүн түзүү анын шарттарын жакшыртуу боюнча райондук билим берүү бөлүмү менен бирдикте иш алып барууга.
7. Мугалимдердин өзүнүн жекече билимин жана квалификациялык даярдыктарын өз алдынча жогорулатуу үчүн атайын бир күндү белгилеп берүүгө жетишүүгө.
8. Мектептин мугалимдеринин жумушчу орундарында эмгектенүү үчүн зарыл шарттардын болушун талап кылуу, техникалык коопсуздук эрежелерине, гигиеналык санитардык жактан талапка жооп бербесе кызматкерлерге тиешелүү шарттарды түзүп бербегендиги үчүн администрацияга ишеним көрсөтпөө жагын билдирет.
9. Профсоюз мүчөлөрүнүн законсуз кызматтан бошотуулар, которуулар, эмгек тартибине чакыруулар болсо, мыйзамда көрсөтүлгөн жеңилдиктер берилбей калса алардын укугун коргоо.
10. КРнын эмгекти коргоо жөнүндөгү мыйзамынын сакталышын дайыма көзөмөлдөйт.
11. Оор зыяндуу шарттарда иштегендерге ар кандай кошумча төлөөлөрдүн берилиши көзөмөлдөйт.
12. Мумкүнчүлүккө жараша кызматкерлердин кесиптик даярдыктарын чыңдоо максатында ар түрдүү маданий массалык,спорттук жана башка көркөм чыгармачылык кароо конкурстарды өткөрүп турат.Окуучуларды курортторго,санаторийлерге балдардын эс алуу үйлөрүнө жиберет.
13. Мектепте эмгек келишимдердин аткарылышы боюнча жетекчилердин коллектив алдында отчетторду беррүүлөрүн камсыз кылууну,өзүнүн баардык иштерин профсоюздук уставына жана КРнын мыйзамдарына ылайык иш алып барат.
14. Кырсыкка кабылуунун ар бир учурунда эмгекти коргоо жөнүндө КРнын мыйзамына ылайык аны кесипкөй иликтөө жүргүзүү максатында жогоруда турган профсоюз комитетине маалымдоо,мындай учурда кырсыкка кабылган адамга мыйзамга каралган жөлөк пулду төлөөнү көзөмөлгө алуу.
15. Окуу жылында бир жолудан кем эмес мектептин кызматкерлерине эмгек акылардын алардын кошумча төлөөлөрдүн жана үстөктөрүнүн,ооругандыгы тууралуу баракчаларынын туура толтурулушун,оорусу,төрөтү жана боюнда бардыгы боюнча жөлөк пулдарды төлөөнүн тууралыгын көзөмөлдөө.
16. Эмгектик кырсыкка учуроонун (травма,күйүк,суукка алдыруу) натыйжасында убактылуу эмгекке жарамсыздыкка кабылган кызматкерлерге өндүрүштө кокусунан кырсыкка кабылгандыгы тууралуу актысы (өндүрүштөгү кокусунан болгон кырсыктарды иликтөө жанаэсепке алуу жөнүндөгү жобону бекитүү жөнүндөгү) КРнын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы №64 токтому менен бекитилген Н-1 формасы түзүлгөн шартта жөлөк пулду төлөө.

**Айыл Өкмөтү милдеттенет:**

1. Ар бир окуу жылына карата мектептин даярдыгын (кезектеги ремонт,кышка карата отун,мектептин ашканасына таза суу,от жагычуу жайынын бузулган шаймандарын оңдоо жана электр энергиясы)үзгүлтүксүз камсыздоо.
2. Мектептин жаш адистеринин муктаждыктарына жараша жер участокторун бөлүп берүү,убактылуу турак жай менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.
3. Окуу жылынын ичинде педогогикалык жамаатты алардын иштеринен башка ишке тартпоо.
4. Ар жыл сайын жаңы окуу жылынын башталышында ар кыл кесиптеги дарыгерлерди райондук үй-бүлөлүк дарыгерлер тобун (невропатолог,гинеколог ж.б) чакыруу менен мугалимдерди медициналык текшерүүдөн өткөрүүнү уюштуруу.
5. Мугалимдер күнүнө жана акыркы коңгуроо майрамына карата иш-чараларды өткөрүү үчүн көмөк көрсөтүү.
6. 2020-жылдан 2023-жылга чейинки областтык конкурс жана олимпиадаларга катышкан окуучуларга бюджеттин эсебинен акча каражатын бөлүп берүүгө.
7. Мектептин айланасын жашылдандырууга жана көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү.
8. Мектептин иммаратын оңдоого жана кошумча курулуштарды курууга тартылган долбоорлорду колдоого алуу.

Жогорудагы келишимдин шарттары аткарылбаса мыйзам чегинде жооп берилет. Келишим 3 тараптардын макулдугу менен 3 нускада үч жылдык мөөнөттө түзүлдү.

Келишим кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

| **1-Тарап** | **2-Тарап** | **3-Тарап** |
| --- | --- | --- |
| М.Мамбетов атындагы жалпы билим берүү о. мек.директору: Атантаев Ж.У | Прфсоюз комитети: Акатов У.Ж | Улахол айыл өкмөтүнүн башчысы: Эмилбеков У.Э |